**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕК, СОЦИАЛДЫК КАМСЫЗДОО ЖАНА МИГРАЦИЯ МИНИСТРЛИГИ**

09 июня 2022-ж.
№ 79 Буйругу

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ**

9- июня 2022-ж.
№ 152 Буйругу

# Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттер үчүн Колдонмону бекитүү тууралуу

# БИРГЕЛЕШКЕН БУЙРУК

“Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18 жана 19-беренелерине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо тартиби жөнүндө” 2019-жылдын 1-августундагы № 390 токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттердин ишин уюштуруу максатында, **буйрук кылабыз:**

1. Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттердин Колдонмосу (мындан ары - Колдонмо) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги (мындан ары - Министрлик) 2022-2023-жылдар ичинде үй-бүлөдөгү зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттерине, Министрликтин аймактык бөлүмдөрүнө, айыл өкмөттөрүнө жана шаарлардын мэрияларына ушул Колдонмону колдонуу боюнча окутууну уюштурсун.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына (мындан ары – ЖӨБ аткаруу органдары) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттерди түзүүдө жана ишмердүүлүгүн уюштурууда ушул буйрук менен бекитилген Колдонмодо камтылган сунуштамаларды колдонуусу сунушталсын.

4. Жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга (мындан ары - ЖМА) өзүнүн ишмердүүлүгү жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттер болгон мамлекеттик органдардын аймактык түзүмдөрүнүн ишмердүүлүгү жөнүндө

жыйынды отчетту жана маалыматтарды, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык, ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталган формада жана мөөнөттө берүүсү сунушталсын.

5. ЖӨБ аткаруу органдарына, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ишмердиктери жөнүндө маалыматтарды аталган чөйрөдөгү мыйзамдардын талаптарына ылайык ЖМАларга берип туруу сунушталсын.

6. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттерге ишмердиктери жөнүндө маалыматтарды ЖӨБ аткаруу органына алар сураган мөөнөттө берип туруу сунушталсын.

7. Министрликтин документтик камсыздоо жана административдик колдоо бөлүмү жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин (мындан ары - Агенттик) аппаратынын ишин уюштуруучулук камсыздоо башкармалыгынын кадрлар, документ жүгүртүү жана контролдоо бөлүмү ушул буйрукту Министрликтин ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүнүн жана Агенттиктин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилерине жеткиришсин.

8. Министрлик жана Агенттик жогоруда көрсөтүлгөн Колдонмону Министрликтин жана Агенттиктин расмий веб-сайттарына жайгаштырышсын.

9. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министринин орун басары Ж.И. Алыбаевага жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин директорунун орун басары Р.М. Алыкуловго жүктөлсүн.

10. Бул биргелешкен буйрук кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Об утверждении Руководства для местных комитетов по охране и защите от семейного насилия в Кыргызской Республике**

В целях организации работы местных комитетов по охране и защите от семейного насилия в Кыргызской Республике,